| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|

"27" 01 2024 -ж №287

**Кызыл-Суу айылдык кенешининин XXVIII чакырылышынын кезектеги 27-сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**2024-жылга Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн бюджети, 2025-2026-жылдарга бюджеттин долбоору жөнүндө.**

Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Эшмамбетовдун 2024-жылга жергиликтүү долбоору боюнча маалыматын угуп жана талкуулап ошондой эле Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине Республикалык бюджети жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын ____-январындагы № мыйзамын жетекчиликке алып, айылдык кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ.**

1.2024-айыл өкмөтүнүн бюджети кирешелер боюнча 124720,1 мин сом көлөмүндө жана чыгымдар боюнча 124720,1 мин сом көлөмүндө №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2.Жергиликтүү бюджеттин 2024-жылы каржылануучу чыгымдардын көлөмү 120130,1 мин сом көлөмүндө №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

3.Жергиликтүү бюджетинин атайын каражаттарынын 2024-жылы каржылануучу чыгымдардын көлөмү 4590,0 мин сом өлчөмүндө №3 тиркемеге ылайык бекитилсин.

4.Жергиликтүү бюджеттен каржылануучу эмгек акы фондусунун чектелген көлөмдөрү №4 тиркемеге ылайык бекитилсин.

4.1 Айыл өкмөтүнүн аппаратынын кызматкерлеринин 26 штат бирдиги 689639 (алты жүз сексен тогуз мин алты жүз отуз тогуз) сомдук айлык акысы менен бекитилсин.

4.2 Кызыл-Суу айылдык маданият үйүнүн кызматкерлеринин 6 (алты) штаттык бирдиги 65859,20 (алтымыш беш мин сегиз жүз элүү тогуз сом 20 тыйын) сом айлык акысы менен жана Жалгыз-Өрүк айылдык клубунун кызматкерлеринин 2 (эки) штаттык бирдиги 22105,60 (жыйырма эки мин бир жүз беш сом 60 тыйын) сом айлык акысы менен бекитилип берилсин.

4.3 Жалгыз-Өрүк айылындагы айылдык китепкананын кызматкерлеринин 3 (үч) штаттык бирдиги 29145,6 (жыйырма тогуз мин бир жүз кырк беш сом 72 тыйын) сом айлык акысы менен бекитилип берилсин.

4.4. Спорттук комплекстин кызматкерлеринин 8 (сегиз) штаттык бирдиги 83704 сомдук айлык акысы менен бекитилип берилсин.

4.5.“Факел” жаштардын борборунун машыктыруучусунун 1 (бир) штаттык бирдиги, сакчысынын 1 (бир) штаттык бирдиги, баардыгы 2 ( эки) штаттык бирдик 19008 ( он тогуз мин сегиз) сомдук айлык акысы менен бекитилип берилсин.

4.6. Мектеп окуучуларын Кайнар айылынан ташыган автобустун айдоочусунун 1 (бир) штаттык бирдиги 11264 сомдук айлык акысы менен, мектеп окуучуларын Пристань айылынан ташыган микро автобустун айдоочусунун 1 (бир) штат бирдиги 11264 сомдук айлык акысы менен, мурдагы Кайнар башталгыч мектебинин сакчысынын 1 (бир) штат бирдиги 7040 сомдук айлык акысы менен бекитилип берилсин.

4.7. Соттун чечими айыл өкмөтүнүн карамагына өткөн мурдагы социалдык фондун имаратынын сакчысынын 1 (бир) штат бирдиги 7040 сомдук айлык акысы менен бекитилип берилсин.

4.8. Жалгыз-Өрүк айылындагы ФАПтын сакчысынын 1 (бир) штат бирдиги 7040 сомдук айлык акысы менен бекитилип берилсин.

5. 2025-жылга айыл өкмөтүнүн бюджети кирешелер боюнча 136945,0 мин сом көлөмүндө жана чыгымдар боюнча 136945,0 мин сом көлөмүндө №5 тиркемеге ылайык бекитилсин.

6. 2026-жылга айыл өкмөтүнүн бюджети кирешелер боюнча 148845,0 мин сом көлөмүндө жана чыгымдар боюнча 148845,0 мин сом көлөмүндө №6 тиркемеге ылайык бекитилсин.

7.2023-жылда төлөнбөй калган карыздарды 2024-жылдын бюджетине каралган чыгымдардын чегинде төлөө жүргүзүү жана биринчи кезекте эмгек акы төлөөгө, социалдык фондго чегерүүлөргө ж.б. корголгон (защищенный) статьяларга жумшалсын.

8.Айыл өкмөтүнө бюджеттеги каралган кирешелерди жана чыгымдарды толук аткарууга багытталган иш-чараларды регулярдуу түрдө ишке ашыруу милдеттендирилсин. 2024-жылы бюджеттен каржылоодон түшкөн кирешелердин көлөмүндө чегерүүлөрү жана биринчи кезекте эмгек акы төлөөгө, социалдык фондго чегерүүлөрдү, тамак-ашка жана женилдиктерге каралган чыгымдарды каржылоого жумшалсын.

9.Жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелердин атайын каражаттарын казналыктан тышкары пайдаланууга тыюу салынсын. Казналыктан тышкары пайдаланылган каражаттар тиешелүү денгээлдеги бюджеттерге алынаарын бекитилсин.

10.Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн 2024-жылга накталай жүгүртүлүүчү акча каражаты 200000 сом өлчөмүндө бекитилсин.

11.Айыл өкмөтүнүн карамагындагы участкалык милиция кызматкерлеринин кызматтык автоунаа 2024 – жылга 600 литр күйүүчү май жана автотетиктерди алууга мезгил мезгили менен бөлүнүп берилсин. 2024-жылга күйүүчү май, автотетиктерди сатып алуу чыгымдарын 2024-жылга каралган жергиликтүү бюджетинин чыгымдар бөлүмүнүн 70111 “Айыл өкмөтүнүн аппараты” бөлүмү аркылуу жүргүзүү жагы айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнө милдеттендирилсин.

12. Айыл өкмөтүнүн айыл чарба жана жерге жайгаштыруу маселелери боюнча башкы адиси К.Джакешовко, райондук "Кадастр" башкармалыгы менен бирдикте кайра бөлүштүрүү фондунун жер аянттары 2024-жылдын 1-июнуна карата такталып, түзүлгөн келишимдер инвентаризацияланып, тиешелүү маалыматтар айыл өкмөтүнүн финансы бөлүмүнө тапшырууга милдеттендирилсин.

13. Муниципалдык менчиктерди тактап, мамлекеттик каттоодон өткөрүү жана аны эффективдүү пайдалануу, айыл ичиндеги жерлерди 2024-жылдын 1-майына карата инвентаризациялап, аукцион аркылуу сатыкка коюу жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

14. Бул токтомду массалык маалымат каражаттарына жарыялоо жагы жана юстиция министрлиги тарабынан ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизүү боюнча иш жүргүзүү айылдык Кенешинин жоопту катчысы жооптуу катчысы А.Ташбаевага тапшырылсын.

15. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кенештин финансы жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Иманалиевге жана айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Эшмамбетовго тапшырылсын.

16.Токтом 2024-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

Айылдык Кенешинин төрайымы: Г.Чыныбаева